УДК 347.61

# СЕМЕЙНО-ПРАВОВЫЕ ПРИНЦИПЫ КАК ОСНОВНЫЕ ПОЛОЖЕНИЯ, ВЫРАЖАЮЩИЕ СУЩНОСТЬ СЕМЕЙНОГО ПРАВА

*С.К. Насбекова*

Анализируются теоретические аспекты понятия и сущности принципов семейного права Кыргызской Республики. Делается вывод о том, что они являются самостоятельной формой права, обладающей высшей юридической силой по сравнению с иными формами, являясь отражением объективных социально-экономических законов общества.

*Ключевые слова:* принципы семейного права; основополагающие начала; отрасль права; брак; семья; правоприменение; правотворчество.

# ҮЙ-БҮЛӨЛҮК УКУКТУК ПРИНЦИПТЕР ҮЙ-БҮЛӨЛҮК УКУКТУН МАҢЫЗЫН ЧАГЫЛДЫРГАН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР КАТАРЫ

Бул макалада Кыргыз Республикасынын үй-бүлө укугунун принциптери түшүнүгүнүн жана маани манызынын теориялык аспектилери талданат. Алар коомдун объективдүү социалдык-экономикалык мыйзамдарын чагылдыруу менен, укуктун өз алдынча формасы катары эсептелери жана башка формаларга салыштырмалуу жогорку юридикалык күчкө ээ экендиги тыянакталды.

*Түйүндүү сөздөр:* үй-бүлө укугунун принциптери; негизги башаттар; укуктун тармагы; нике; үй-бүлө; укук колдонуу; укук чыгаруу.

# FAMILY-LEGAL PRINCIPLES AS THE BASIC PROVISIONS EXPRESSING THE ESSENCE OF FAMILY LAW

*S.K. Nasbekova*

The article analyzes theoretical aspects of the concept and essence of the principles of family law of the Kyrgyz Republic. It is concluded that they are an independent form of law that has higher legal force in comparison with other forms, being a reflection of the objective social and economic laws of society.

*Keywords:* principles of family law; fundamental principles; the branch of law; marriage; family; law enforcement; law-making.

Илимий адабиятта укуктук принциптер укуктук жөнгө салуунун мазмунунун маныздуу белгисин жана жалпы багытын аныктаган алгачы башааттар, негизги жоболор катары каралат [1, с. 344]. Коомдук мамилелердин кээ бир чөйрөсүн укуктук жөнгө салуунун спецификасын аныктаган укуктун принциптеринин мындай жетектөөчү жоболорун таануу талашсыз.

Үй-бүлө укугунун принциптеринин ролу алардын жалпыланган түрдө укуктун тармагы менен жөнгө салынуучу мамилелердин маңызын чагылдырганда, мамлекеттин укуктук саясатын бекиткенинде, укуктун ченемдерин туура ишке ашыруусуна көмөктөшүсүндө көрүнөт. Кыргызстандын экономика, саясат, укук жаатында болуп өткөн өзгөрүүлөр укуктук принциптердин калыптанышына анын ичинде үй-бүлө укугунун принциптерине олуттуу таасирин тийгизген. Алардык өздүк өнүгүшү идеологиялык багыттагы Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси менен шартталган.

Укук принциптеринин келип чыгышы туралуу маселе дисскуссияны жаратып келет. Тактап айтканда, мыйзамда бекиген принципке “жетектөөчү идея” катары укуктун принцибин карамакаршы коюшат. Алсак, К.А. Мокичев: “юридикалык илимде укуктун принциптери катары юридикалык ченемдердин белгилүү бир тобуна тийиштүү жетектөөчү идеяны түшүнүү керек” деп жазган

[2, с. 382]. Л.Н. Гусев, А. Денисов ж.б. укуктун принциптерин дал ушундай аныктаган. Бул авторлорго принциптерди укуктук аң-сезим категориясы катары кароо тийиштүү болгон [3].

Мыйзамда принциптердин камтылышынын негизинде алар укуктук мааниге ээ болот деген ойлор деерлик кеңири таркаган. Мисалы, Н.А. Чечина: “жетектөөчү идея катары принциптер жөнүндөгү сөз ченемдик тартипете бекитилгендиктен гана кеп кылуу мүмкүн” деп белгилейт [4, с. 78–79].

Укуктук принциптин аныктамасында бир тараптуу көз караш туура эмес, же аны ченем чыгаруучу ишмердикти алдын алган жетектөөчү идея катары кароо болбойт же бул ишмердиктин натыйжасы катары-укуктун ченеми катары кароо да болбойт экендигин божомолдойбуз.

Укуктук принцип жетектөөчү идея катары укуктук тутумдун пайда болушун алдын алат. Укуктун ченемдери укуктук идеялардын маңызын бекитет. Мыйзамдарда бекилбеген принциптер өзүнөн өзү эле коомдук мамилелерге таасирин тийгизе албайт.

Принциптер илимде ойлонуп табылып, бирок милдеттүү күчүнө ченемдерде чагылдырганда гана ээ болот. Ошондуктан, укуктук принциптер мамлекеттик бийликтик мүнөзгө ээ болот. Бул тек гана жетектөөчү идея эмес, субъектин жүрүм-турумуна же ишмердигине да коюудучу талаптар.

Үй-бүлө укугунун принциптеринин маңызын табыш үчүн аларды эки аспектиде кароо максаттуу:

- Келип чыгышы боюнча;
- Аларда өздүк өзгөчөлүктөрдүн жана жөнгө салынуучу мамилелердин мазмунунун чагылдырылышы боюнча.

Укуктук принциптер коомдук мамилелердин кайсы чөйрөсүнө таандыгы боюнча 3 топко бөлүнөт: конституциялык, тармактык жана укуктук институттардын принциптери.

Бул иште үй-бүлө укугунун принциптери изилдөөнүн предмети катары саналат. КРнын үй-бүлө кодексинин 1-беренесинин 1-пунктунда белгиленген үй-бүлө укугунун принциптери Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк мамилелерди укуктук жөнгө салуунун негизги максаттары менен аныкталат [5]. Аларга: үй-бүлөнү чыңдоо, үй-бүлөлүк мамилелерди өз ара сүйүү жана урматоо сезимдеринин негизинде куруу, үй-бүлөлүк жоопкерчилик, үй-бүлөнүн иштерине кимдир бирөөнүн кийлигүүшүүсүн болтурбоо, үй-бүлө мүчөлөрүнүн өздү укуктарын тоскоолдуксуз ишке ашырылуусун камсыз кылуу жана соттук коргоо ж.у.с. кирет.

КРнын үй-бүлө кодексинин 1-беренесинин 3-пунктунда үй-бүлө мамилелерин жөнгө салуу ыктыярдуу негизде жана никелешкен адамдардын өз ара макулдугунун, жубайлардын үй-бүлөдөгү укуктарынын теңдигине, үй-бүлөнүн ички маселелерин өз ара макулдашып чечишине, баланын эң жакшы кызыкчылыктарын камсыз кылууга, балдарды үй-бүлөдө тарбиялоого артыкчылык берүүгө, алардын бейпилдигине жана өсүп-жетилишине камкордук кылууга, үй-бүлөнүн жашы жетпеген жана эмгекке жарамсыз мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциптери аталган [5].

Жогоруда белгиленген принциптерди эки чоң топко бөлсөк болот:

1. Жубайлардын жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн жеке мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылган үй-бүлөлүк укуктун принциптери;
2. Жашы жете элек балдардын жана эмгекке жөндөмсүз үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын чагылдырган үй-бүлөлүк укуктун принциптери.

Принциптердин аталышынан эле үй-бүлөлүк укукта жеке-укуктук элементтер басымдуулук кылаарын көрсө болот: никени куруу жана токтотуу; ата-энелердин укуктарынын жана милдеттеринин теңдиги; ата-энелердин балдарга тийиштүү тарбия бербегендиги үчүн жоопкерчилиги ж.б. ал эми үй-бүлөлүк укукта публикалык-укуктук элементтер өтө кеңири таркаган эмес. Алар тууралуу кеп коргоо чаралары жана жоопкерчилик чаралары, ошондой эле, жашы жете элек жана эмгекке жөндөмсүз үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча чаралар жөнүндө сөз болгондо гана башталат.

Үй-бүлөлүк мыйзамдарда мамилелрди жеке укуктук жана публикалык укуктук деп тең өлчөмсүз бөлүнүшү кийинки жоболор менен баммдаоат: үй-бүлө укугунун ченемдери анык чагылдырылган императивдүү мүнөзгө ээ, субъектерге жалгыз бир жүрүш-туруш варианттын таңуулайт. Алар дээрлик көп учурда, мамилелердин катышуучуларына кандайдыр бир тандоо мүмкүнчүлүктөрүн четке койгон. Субъектилер бекитилген ченемге мыйзам менен каралган учурда гана ынанбаса болот (мисалы, алименттерди төлөө боюнча макулдашуу, жубайлардын мүлктөрүнүн келишимдик шарттамы). Субъектердин кароосуна коюлуучу масалелер өздүк спецификага ээ. Биринчиден, мындай кароону ишке ашырчу жактарга үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучусу гана эмес, көп учурда укук колдонуучу органдар (сот, камкордук органдары) ээ болушат; Экинчиден, мындай кароого коюу ченемдик актыны алмаштырбайт, тек гана аныктоо, өнүктүрүү мүнөзүнө ээ.

Өзүнүн аталышы, мазмуну жана ченемдерде чагылдырылышы боюнча үй-бүлөлүк принциптер

бирдей бааланбайт. Бир принциптер экинчисинен жогору турган учурлар кездешет. Андан тышкары, үй-бүлө укукунун принциптеринин ички иерархиясы да белгилениши ыктымаал. Үй-бүлө кодекси балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, аларды тарбиялоо жана камсыздоо артыкчылыкка ээ экендигин белгилейт.

1979-жылдын 18-декабрында кабыл алынган "Аялдарды басмырлоонун бардык формаларын жок кылуу жөнүндөгү" БУУнун конвенциясында балдардын кызыкчылыктары бардык учурда артыкчылыктуу деп айкындалган. Балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияда да биринчи кезекте баланын кызыкчылыктарын мыкты камсыз кылынышына көңүл бурулат деп жазылган[6].

Үй-бүлө кодексинин принциптерин талдоо, үй-бүлө укугунун принциптери ар түрдү ченемдик формада чагылдырылган деген тыянакка алып келди. Алар а)жалпы жобо катары, б) үй-бүлө укугунун жалпы бөлүмүндө кыйыр чагылдырып, в) атайын аларга арналган институттарда г) башка институттардын конкреттүү ченемдеринде бекитилген жана бардыгы тең артыкчылыктуу принциптерди камтыйт.

Үй-бүлө укугунун принциптеринин мазмунун алардын тутумдук чагылдыруусу менен кароо абзел. Үй-бүлө укугунун институттарында ошондой эле жөнгө салуучу жана коргоочу мамилелерде принциптер анык байкалат [7, с. 183]. Мындай көз караш үй-бүлө укугу укуктун тармагы катары өздүк өзгөчөлүккө ээлиги менен шартталат. Үйбүлө укугунун принципиалдуу өзгөчөлүгү болуп ал үй-бүлөнү "тейлеши" жана анын үй-бүлөлүк алкак менен чектелиши эсептелет.

А.И. Пергамент биринчилерден болуп жеке жана мүлктүк мамилелерде, эне болууну, балалыкты коргоодо, ата-энелик укуктарды тек гана баланын кызыкчылыгана карата ишке ашырууда эркек менен аялдын тең укуктуулугун жана бир никелүүлүк принцибин түзүүгө аракет жасаган [8, с. 19].

Г.М. Свердлов дагы улутуна жана расасына карабастан жарандардын тең укуктуулугун, диний ченемдерден үй-бүлө укугунун эркиндигин, ошондой эле ата-энелик укуктарды ар тараптуу коргоо принциптерин белгилеген [9, с. 35].

В.Ф. Яковлев кийинчерек никени куруудагы эркиндик жана ыктыярдуулук принцибин, мамлекеттин көзөмөл астында никени бузуу эркиндигин, энеликти ардактоо принцибин, үй-бүлө мүчөлөрү бири-бирин материалдык жана моралдык жактан колдоо ж.у.с. принциптерди ачыктаган [10, с. 16].

Демек, үй-бүлө укугунун атайын принциптери анын өз алдынча формасы катары саналып, жогорку юридикалык күчкөө ээ болот. Үй-бүлө укугунда алардын ролу өтө чоң, анткени уктун башка тармагына салыштырмалуу үй-бүлөлүк-укуктук милдеттер мыйзамда дээрлик анык эмес түзүлгөн жана бул принциптерди эсепке алууну шарттаган, укук колдонуу процессиндеги соттук дискрециялы талап кылат.

***Колдонулган адабияттардын тизмеси***


1. *Александрова Н.Г.* Теория государства и права / Н.Г. Александрова. М., 1968.
2. *Мокичев К.А.* Теория государства и права / К.А. Мокичев. М., 1970.
3. *Гусев Л.Н.* Конституционные принципы советского уголовного процесса: 6-чыгарылыш / Л.Н. Гусев // Вопросы советского уголовного процесса. М., 1958.; *Денисов А.* Теория государства и права / А. Денисов. М., 1967; *Фарбер И.Е.* Правосознание как форма общественного сознания / И.Е. Фарбер. М., 1963.
4. *Чечина Н.А.* Принципы советского гражданского процессуального права и их нормативное закрепление / Н.А. Чечина // Правоведение. 1960. № 3.
5. Семейный кодекс Кыргызской Республики от 30 августа 2003 года № 201. Көрүү тартиби: http://cbd.minjust.gov.kg/
6. Конвенция о правах ребенка, принята резолюцией 44/25 Генеральной Ассамблеи от 20 ноября 1989 г. Көрүү тартиби: http://www.un.org/ru/documents
7. *Шерстнева Н.С.* Понятие и сущность принципов семейного права / Н.С. Шерстнева // Вестник КГУ им. Н.А. Некрасова. 2006 г. № 6.
8. *Кулаков В.В.* Принципы семейного права / В.В. Кулаков // Актуальные проблемы российского права. 2017. № 5.
9. *Свердлов Г.М.* Советское семейное право / Г.М. Свердлов. М., 1958.
10. Советское семейное право / под ред. В.А. Рясенцева. М., 1982.